# ЖАРЫЯ!

Урматтуу студенттер! 2022-2023-окуу жылына окуу төлөмдөрүнө жеңилдиктерди берүү боюнча документтерди кабыл алуу 5-сентябрдан 10-ноябрга чейин жүргүзүлөт.
Университетте окуган төмөнкү категориядагы окуучуларга, студенттерге жеңилдик берилет:
**1-категория –** ата-энеси жок мектеп окуучусуна, коллеждин жана бакалавр баскычынын күндүзгү бөлүмүнүн студентине:
**Талап кылынуучу документтер:**
- жеңилдик алуу үчүн ректордун атына жазылган арыз;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- паспорттун көчүрмөсү;
- ата-энесинин өлгөндүгү тууралуу күбөлүктүн
- көчүрмөсү (нотариалдык күбөлөндүрүлгөн);
- окугандыгы тууралуу маалым кат.

**2-категория –** атасы же апасы жок мектеп окуучусуна, коллеждин жана бакалавр баскычынын күндүзгү бөлүмүнүн студентине:
**Талап кылынуучу документтер:**
- жеңилдик алуу үчүн ректордун атына жазылган арыз;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- паспорттун көчүрмөсү;
- атасынын/апасынын өлгөндүгү тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү(нотариалдык күбөлөндүрүлгөн);
- окугандыгы тууралуу маалым кат;

**3-категория –** I топтогу майып мектеп окуучусуна, коллеждин жана бакалавр баскычынын күндүзгү бөлүмүнүн студентине:
**Талап кылынуучу документтер:**
- жеңилдик алуу үчүн ректордун атына жазылган арыз;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн же паспорттун көчүрмөсү;
- эмгекке жөндөмсүздүгү тууралуу МСЭКтин корутундусунун көчүрмөсү (нотариалдык күбөлөндүрүлгөн);
- пенсиялык күбөлүк.

**4-категория –** II, III топтогу майып мектеп окуучусуна, коллеждин жана бакалавр баскычынын күндүзгү окуу бөлүмүнүн студентине;
**Талап кылынуучу документтер:**
- жеңилдик алуу үчүн ректордун атына жазылган арыз;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн же паспорттун көчүрмөсү;
- эмгекке жөндөмсүздүгү тууралуу МСЭКтин корутундусунун көчүрмөсү (нотариалдык күбөлөндүрүлгөн);
- пенсиялык күбөлүк.

**5-категория –** бир үй-бүлөдөн 3 же андан көп бир тууган ОшМУда мектепте, бакалавр баскычынын, колледждин күндүзгү окуу бөлүмүндө окуса:
**Талап кылынуучу документтер:**
- жеңилдик алуу үчүн ректордун атына жазылган арыз;
- 3 студенттин туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- 3 студенттин окугандыгы тууралуу маалым каты;
- ата-энесинин ID паспортунун көчүрмөсү.

**6-категория** – ата-энеси ОшМУда иштесе жана эки же андан көп баласы ОшМУнун мектебинде, колледжинде, бакалавр баскычынын күндүзгү бөлүмүндө окуса:
**Талап кылынуучу документтер:**

- жеңилдик алуу үчүн ректордун атына жазылган арыз;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- окугандыгы тууралуу маалым кат;
- атасынын/апасынын ОшМУда иштегендигин тастыктоочу кадрлар бөлүмүнөн маалым кат;
- атасынын/апасынын ID паспортунун көчүрмөсү.

**7-категория** – атасы же энеси I, II топтогу майып мектеп окуучусуна, колледжин жана бакалавр баскычынын күндүзгү бөлүмүнүн студентине:
**Талап кылынуучу документтер:**

- жеңилдик алуу үчүн ректордун атына жазылган арыз;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- атасынын/апасынын майыптыгы тууралууу МСЭКтин корутундусунун көчүрмөсү (нотариалдык күбөлөндүрүлгөн);
- атасынын/апасынын ID паспортунун көчүрмөсү;
- атасынын/апасынын пенсиялык күбөлүктүн көчүрмөсү.

**8-категория** – каралып жатканга чейинки акыркы окуу жыл ичинде спорттон Кыргызстандык, Азиялык, дүйнөлүк масштабдагы чемпионаттарда, студенттер арасындагы Дүйнөлүк студенттик Универсиадада 1,2,3 орунду ээлегендиги үчүн.
**Талап кылынуучу документтер:**

- факультеттен декандын билдирүүсү;
- окугандыгы тууралуу маалым кат;
- жеңишке жетишкендиги тууралуу диплом, сертификаттын көчүрмөсү ж.б.

**Эскертүү: Маалыматтын студенттерге жеткиликтүүлүгүн ар бир факультеттин декандары камсыздоосу милдеттендирилет.**

Документтер ОшМУнун борбордук китепканасынын 2-кабатынын 202-кaанасында кабыл алынат.